КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ
ДИН ИШТЕРИ ЖАНА ЭТНОСТОР
АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР
БОЮНЧА УЛУТТУК АГЕНТТИК

НАЦИОНАЛЬНОЕ АГЕНТСТВО
ПО ДЕЛАМ РЕЛИГИЙ И
МЕЖЭТНИЧЕСКИХ
ОТНОШЕНИЙ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

30 - июля 2025 № 01-4/102 г. Бишкек ш.

**Кыргыз Республикасынын жарандарынын Сауд Арабия Падышалыгына зыярат кылуусун уюштуруу жана өткөрүү тартиби жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 10-апрелиндеги № 126 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Дин иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча улуттук агенттиктин жобосунун 12-пунктунун 11-пунктчасына ылайык, **буйрук кылам**:

1. Кыргыз Республикасынын жарандарынын Сауд Арабия Падышалыгына зыярат кылуусун уюштуруу жана өткөрүү тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Укуктук камсыздоо, диний уюмдарды каттоо жана санариптештирүү башкармалыгы:
1) ушул буйрукка кол коюлган күндөн тартып – 2025-жылдын 4-июнундагы № 319 Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин "Мамлекеттик органдардын укуктук мүнөзгө ээ актыларын кабыл алуу тартиби жөнүндө" токтомуна ылайык аны расмий жарыялоо боюнча чараларды көрүү;
2) расмий жарыялангандан кийин жети жумушчу күндүн ичинде бул буйруктун электрондук версиясын Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине Укук маалыматтарынын борборлоштурулган банкына киргизүү үчүн жөнөтүлсүн;
3) расмий жарыялангандан кийин үч жумушчу күндүн ичинде буйруктун көчүрмөсүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына маалымат иретинде жөнөтүлсүн.
4) ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Дин иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча улуттук агенттиктин түзүмдүк, ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилерине тааныштырып, расмий сайтка мамлекеттик жана расмий тилдерде жарыялоону камсыз кылуу.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

3. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө төраганын орун басары М.М. Муратбековго жүктөлсүн.

4. Бул буйрук расмий жарыялангандан кийин жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

## Об утверждении
## Порядка организации и осуществления паломничества граждан Кыргызской Республики в Королевство Саудовская Аравия

В соответствии с пп.11 п.12 Положения Национального агентства по делам религий и межэтнических отношений при Президенте Кыргызской Республики, утвержденного Указом Президента Кыргызской Республики от 10 апреля 2025 года №126, **приказываю:**

1. Утвердить Порядок организации и осуществления паломничества граждан Кыргызской Республики в Королевство Саудовская Аравия согласно приложению.

2. Управлению правового обеспечения, регистрации религиозных организаций и цифровизации:

1) со дня подписания настоящего приказа – принять меры по его официальному опубликованию в соответствии с постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «О порядке принятия актов государственных органов, обладающих правовым характером» от 4 июня 2025 года № 319;

2) в течение семи рабочих дней со дня официального опубликования направить электронную версию настоящего приказа в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Централизованный банк данных правовой информации;

3) в течение трех рабочих дней со дня официального опубликования, направить копию приказа в Администрацию Президента Кыргызской Республики для информации.

4) довести настоящий приказ до сведения руководителей структурных, подведомственных и территориальных подразделений Национального агентства по делам религий и межэтнических отношений при Президенте Кыргызской Республики и обеспечить опубликование на государственном и официальном языках на официальном сайте.

3. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя председателя М.М. Муратбекова.

4. Настоящий приказ вступает в силу по истечении семи дней со дня официального опубликования.

**Төрага** **А.М. Юсупов**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кыргыз Республикасынын
Президентине караштуу Дин
иштери жана этностор аралык
мамилелер боюнча улуттук
агенттиктин 2025-жылдын
«30» «июль» №01-4/102
буйругуна тиркеме

**Кыргыз Республикасынын жарандарынын Сауд Арабия Падышалыгына зыярат кылуусун уюштуруу жана өткөрүү тартиби**

**Жалпы жоболор**

1. Ушул Кыргыз Республикасынын жарандарынын Сауд Арабия Падышалыгына зыярат кылуусун уюштуруу жана өткөрүү тартиби (мындан ары – Тартип) зыяратты уюштуруу процессин иретке салуу, зыяратчылардын укуктары менен кызыкчылыктарын коргоо, аларды жолдо тейлөөнүн сапатын жогорулатуу, ошондой эле Ажы жана Умра ибадаттарын аткаруу учурунда татыктуу шарттарды камсыз кылуу максатында иштелип чыккан.

2. Тартип Кыргыз Республикасына Сауд Арабия Падышалыгы (мындан ары – САП) тарабынан жыл сайын берилүүчү квота боюнча Мекке шаарына зыяратка бара турган зыяратчылардын топторун түзүүнүн укуктук негиздерин аныктайт. Бул Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Дин иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча улуттук агенттик (мындан ары – Улуттук агенттик) менен САК Ажы иштери боюнча министрлигинин ортосунда түзүлгөн тиешелүү келишимдин негизинде ишке ашырылат.

**Негизги түшүнүктөр**

**Ажылык** – мусулмандардын жыл сайын белгиленген убакта Сауд Арабия Королдугунун Мекке, Медина шаарларында жана алардын айланасында аткарылуучу, ишеним менен практикага негизделген диний жөрөлгөлөрдөн турган зыярат.

**Умра** – Ажылык болуп жаткан күндөрдөн тышкары жыл ичинде Мекке жана Медина шаарларына мусулмандар тарабынан аткарылуучу кичине зыярат.

**Зыяратчы** – диний жөрөлгөлөрдү аткаруу үчүн ыйык жерлерге зыярат кылган адам.

**Зыяратчыларды каттоонун санариптик системасы** – зыярат кылууну ниет кылган адамдарды санариптик технологияларды колдонуу менен милдеттүү түрдө электрондук каттоо процедурасы.

**Зыяратчылардын жетекчиси (Ажы башчы, Умра башчы)** – Кыргызстан мусулмандарынын Дин башкармалыгынын кызматкери, зыярат жерлеринде диний жөрөлгөлөрдү аткаруу боюнча атайын билимге ээ болгон

(диний насаатчы) жана зыяратчыларды ыйык жерлерде коштоп жүргөн диний ишмер.

2. Тартип Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 34-беренесине, Кыргыз Республикасынын "Дин тутуу эркиндиги жана диний бирикмелер жөнүндө" Мыйзамынын 31-беренесине, Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 18-беренесине жана Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын 18-беренесине ылайык иштелип чыккан. Бул документтер ар бир адамга дин эркиндигине, өз динин жалгыз же башкалар менен бирге, жеке же коомдук түрдө сыйынуу жана диний жөрөлгөлөрдү аткаруу аркылуу кармануу укугун кепилдейт.

**Сауд Арабия Падышалыгына зыяратты уюштуруу жана өткөрүү**

3. Ушул Тартиптин талаптарын сактоо жана Кыргыз Республикасынын жарандарынын зыяратын уюштурууну көзөмөлдөө Улуттук агенттикке жүктөлөт.

4. Кыргыз Республикасынын жарандарынын зыяратын (Ажы, Умра) уюштуруу жана өткөрүү жоопкерчилиги ушул Тартипке ылайык Кыргызстан мусулмандарынын Дин башкармалыгына (мындан ары – КМДБ) жүктөлөт.

5. Зыяратты уюштуруу жана өткөрүү менен байланышкан маселелерди өз убагында чечүү максатында төмөнкүлөр түзүлөт:

– Кыргыз Республикасынын жарандарынын САП Ажылыкка даярдануу жана өткөрүү боюнча убактылуу Ведомстволор аралык комиссия. Комиссиянын курамы жана жобосу Улуттук агенттик тарабынан аныкталат;

– Кыргыз Республикасынын жарандарынын Умрага даярдануу жана өткөрүү боюнча туруктуу Ведомстволор аралык комиссия. Комиссиянын курамы жана жобосу Улуттук агенттик тарабынан аныкталат.

Ведомстволор аралык комиссиянын чечимдери КМДБ үчүн милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш.

КМДБ САПна Умра (кичине ажылык) уюштуруу менен байланышкан туристтик фирмаларды аккредитациялоону жана башка жол-жоболорду жүргүзүүгө укуктуу.

Умрага (кичине ажылык) зыяратчыларды жөнөтүүнүн маршруту жана тартиби КМДБ тарабынан аныкталат.

**Сауд Арабия Падышалыгына зыяратка бара турган зыяратчылардын топторун түзүү тартиби**

6. Кыргыз Республикасына САП тарабынан Ажылык үчүн берилген квота зыяратчылардын төлөмдөрүнүн келип түшүүсүнө жараша түзүлгөн электрондук тизме боюнча кезектик тартипте бөлүштүрүлөт.

7. Зыяратчылардын топторунун жетекчилери (ажы башчы), топтордун саны Ведомстволор аралык комиссия тарабынан КМДБнын сунушу менен, тестирлөөдөн жана маектешүүдөн өткөндөн кийин бекитилет.

Ыйгарым укугу жок Кыргыз Республикасынын жарандары жана уюмдар тарабынан зыяратчылардын топторун өз алдынча түзүүгө жол берилбейт.

8. Ажылык зыяратын аткарган Кыргыз Республикасынын бардык жарандары жарактуу жалпы жарандык паспортко ээ болушу керек.

9. Кыргыз Республикасына бөлүнгөн квоталардын эсебинен чет өлкөлүк жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын зыярат кылуусуна жол берилбейт.

10. КМДБ өзүнүн өкүлчүлүктөрүндө зыяратчыларды Ажылык жөрөлгөлөрүнө үйрөтүү боюнча атайын курстарды уюштурат.

11. Зыяратчылар САП Ажы иштери боюнча министрлигинин жана Кыргыз Республикасынын талаптарына ылайык милдеттүү түрдө медициналык кароодон жана эмдөөдөн өтөт.

Зыяратчылар, зыяратчыларды каттоонун санариптик системасында милдеттүү түрдө каттоодон өтөт.

Зыяратчылар Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин мекемелери тарабынан берилген эл аралык үлгүдөгү эмдөө тууралуу маалымкаттарды алып жүрүүгө тийиш.

САП жана Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу органдары тарабынан жыл сайын аныкталуучу эмдөөлөрдүн тизмеси Улуттук агенттик тарабынан уюштуруучуларга жеткирилет.

12. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги зыярат кылган адамдарды медициналык кароодон өткөрүү жана эмдөө боюнча иштерди уюштурат.

**Зыяратчыларды Сауд Арабия Падышалыгынын Ажы визалары менен камсыз кылуу**

13. Зыяратчыларды САП Ажы визалары менен камсыз кылуу боюнча уюштуруу иштери КМДБ тарабынан Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин көмөгү менен жүргүзүлөт.

Умра (кичине ажы) зыяратчыларын тиешелүү визалар менен камсыз кылуу иштери КМДБ тарабынан аккредитациядан өткөн юридикалык жактар тарабынан ишке ашырылат.

**Зыяратчыларды транспорт менен тейлөө**

14. Зыяратты уюштурууда катышкан авиакомпаниялар САП жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү жана чет өлкөлүк авиаташуучулар арасында конкурс аркылуу аныкталат.

Зыяратчыларды САПна ташуу:

– САП авиациялык бийликтеринен учууларды жүргүзүү үчүн бардык керектүү уруксаттары же макулдугу бар авиаташуучулар тарабынан, САП эрежелерине жооп берген жана эл аралык нормаларга ылайык мамлекеттердин аба мейкиндигин эркин пайдаланууга мүмкүндүк берген учактар менен жүргүзүлөт;

– Авиаташуучу, Улуттук агенттик жана КМДБнын атынан зыяратчылар үчүн түзүлгөн ташуу боюнча келишимдин негизинде ишке ашырылат.

15. Учактардын маршруту жана учуу графиги авиаташуучу тарабынан САП жана Кыргыз Республикасынын авиациялык бийликтери жана тиешелүү ыйгарым укуктуу органдары же кызматтары менен макулдашуу боюнча аныкталып, авиаташуучу менен түзүлгөн ташуу келишиминде белгиленет.

## Сауд Арабия Падышалыгына зыяратты уюштуруу жана өткөрүү эрежелери

16. Кыргыз Республикасынан зыярат уюштуруучулары жана зыяратчылар САП жана Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу органдары тарабынан коюлган бардык талаптарды сактоого милдеттүү.

17. Зыяратты аткарууга көмөк көрсөтүү максатында Кыргыз Республикасынын САПдагы көчмө штабы түзүлөт.

Көчмө штабдын ишмердүүлүгүн уюштуруу Улуттук агенттик жана ДУМК тарабынан жүргүзүлөт. Зарыл болгон учурда Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жана башка мамлекеттик органдар тарабынан көмөк көрсөтүлөт.

Кыргыз Республикасынын САПдагы элчилиги САПда зыяратты уюштурууда көчмө штабга көмөк көрсөтөт, ошондой эле Кыргыз Республикасынын зыяратчыларынын кызыкчылыктарын укуктук жактан коргойт.

18. САПдагы Кыргыз Республикасынын көчмө штабы САПнын Ажы иштери боюнча министрлиги менен тыгыз кызматташып, зыяратчылардын кызыкчылыктарын чагылдырган расмий миссиялардын ишмердүүлүгүнө тиешелүү, САПнын ыйгарым укуктуу органдары тарабынан бекитилген эрежелердин чегинде иштейт.

19. Зыяратчылардын топторунун жетекчилери (ажы башчы) САПдагы Кыргыз Республикасынын көчмө штабы менен зыяратчылар жашаган жерлерде байланышта болуп, макулдашылган график менен жүрүп САПнан чыгуу графиктерин сактайт.

## Зыяраттын жыйынтыгын чыгаруу

20. Зыяратты уюштуруу жана өткөрүүнүн жыйынтыгы КМДБ тарабынан Ведомстволор аралык комиссиянын маалыматтарынын жана САПдагы Кыргыз Республикасынын көчмө штабынын отчеттук материалдарынын негизинде чыгарылат.

САПдагы Кыргыз Республикасынын көчмө штабы акыркы зыяратчылар тобу республиканын аймагына кайтып келген күндөн тартып он күн ичинде Улуттук агенттикке топтордун саны, алардын курамы, зыяратты даярдоо жана өткөрүүнүн жүрүшү (кемчиликтер, жетишпестиктер) жана зыяратты уюштурууну өркүндөтүү боюнча сунуштар тууралуу отчетторду тапшырууга милдеттүү.

21. Кыргыз Республикасынын жарандарынын зыяратын уюштуруу жана өткөрүүнүн жыйынтыгы зыярат мезгили аяктагандан кийин бир айлык мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына кароого жиберилет.

Умра зыяратын уюштуруу жана өткөрүү боюнча отчет ар квартал сайын Улуттук агенттикке берилет.

22. КМДБ ушул Тартиптин негизинде Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн Сауд Арабия Королдугуна зыяратты (Ажылык, Умра) жүзөгө ашыруу боюнча нускаманы иштеп чыгууга укуктуу.

23. КМДБ өзүнүн расмий сайтында бухгалтердик эсеп, салык жана расмий статистика жөнүндө мыйзамдарга ылайык каржы-бухгалтердик, салыктык жана статистикалык отчеттуулукту жарыялоого милдеттүү.

Приложение к приказу
Национального агентства по
делам религий и межэтнических
отношений при Президенте
Кыргызской Республики
от «30» «июль» 2025 г.
№ 01-4/102

**Порядок**
**организации и осуществления паломничества**
**граждан Кыргызской Республики в Королевство Саудовская Аравия**

**Общие положения**

1. Настоящий Порядок об организации и осуществлении паломничества граждан Кыргызской Республики в Королевство Саудовская Аравия (далее – Порядок) разработан в целях упорядочения процесса организации паломничества, защиты прав и интересов паломников, повышения качества их обслуживания в пути следования, а также обеспечения достойных условий пребывания в местах совершения Хаджа и Умры.

Порядок определяет правовые основания формирования групп паломников, выезжающих в город Мекка по квоте, ежегодно предоставляемой Кыргызской Республике Королевством Саудовская Аравия (далее - КСА), на основании соответствующего Соглашения, заключаемого между Национальным агентством по делам религий и межэтнических отношений при Президенте Кыргызской Республики (далее – Национальное агентство) и Министерством по делам хаджа КСА.

Основные понятия, применяемые в настоящем Порядке.

**Хадж** – это ежегодное паломничество мусульман, которое совершается в строго определенное время в городах Мекка и Медина Королевства Саудовской Аравии и окрестностях, составляющие основу веры и практики.

**Умра** – это малое паломничество мусульман в города Мекка и Медина КСА, совершаемое в любое время года, за исключением периода Хаджа.

**Паломник** – лицо, совершающее паломничество в религиозно значимые (святые) места для выполнения религиозных обрядов.

**Цифровая система регистрации паломников** – обязательная процедура электронной регистрации лиц, намеревающихся совершить паломничество, с применением цифровых технологий.

**Руководитель паломников** (Ажы башчы, умра башчы) – сотрудник Духовного управления мусульман Кыргызстана, обладающий специальными знаниями в области совершения религиозных обрядов

(проповедник) в местах паломничества и осуществляющий сопровождение паломников в святых местах.

2. Порядок разработан в соответствии с положениями статьи 34 Конституции Кыргызской Республики, статьи 31 Закона Кыргызской Республики «О свободе вероисповедания и религиозных объединениях», статьи 18 Всеобщей Декларации прав человека и статьи 18 Международного пакта о гражданских и политических правах, которыми гарантируется каждому право на свободу вероисповедания, исповедовать свою религию как единолично, так и сообща с другими, публичным или частным порядком, в богослужении и выполнении религиозных обрядов.

## Организация и осуществления паломничества в Королевство Саудовская Аравия

3. Соблюдение требований настоящего Порядка и контроль за организацией паломничества граждан Кыргызской Республики возлагается на Национальное агентство.

4. Организация и ответственность за проведение паломничества (хадж, умра) граждан Кыргызской Республики возлагаются на Духовное управление мусульман Кыргызстана, (далее – ДУМК) в соответствии с настоящим Порядком.

5. В целях своевременного решения вопросов, связанных с организацией и осуществлением паломничества, создаются:

- Временные Межведомственные комиссии по подготовке и проведению хаджа граждан Кыргызской Республики в КСА. Состав комиссии и её положение определяются Национальным агентством;

- Постоянные Межведомственные комиссии по подготовке и проведению умры граждан Кыргызской Республики в КСА. Состав комиссии и её положение определяются Национальным агентством.

Решения Межведомственной комиссии являются обязательными для исполнения Духовным управлением мусульман Кыргызстана.

ДУМК вправе проводить соответствующую аккредитацию туристических фирм и иные процедуры, связанные организацией Умры (малого хаджа) в КСА.

Маршрут и порядок отправки паломников в Умру (малый хадж), определяется ДУМК.

## Порядок формирования групп паломников, выезжающих в Королевство Саудовская Аравия

6. Квота, предоставляемая Кыргызской Республике КСА для совершения паломничества (хаджа) в КСА, распределяется в порядке очередности на основании электронного списка, сформированного по факту поступления оплаты со стороны паломников.

7. Руководители групп паломников (ажы башы), численный состав групп паломников утверждаются Межведомственной комиссией с учетом предложения ДУМК после их прохождения тестирования и собеседования.

Самовольное формирование групп паломников (хадж) не уполномоченными на то гражданами Кыргызской Республики и организациями не допускается.

8. Все граждане Кыргызской Республики, совершающие хадж, обязаны иметь действительный заграничный паспорт Кыргызской Республики.

9. Совершение паломничества иностранных граждан и лиц без гражданства за счет квот выделенных Кыргызской Республике, не допускается.

10. ДУМК организует на базе своих представительств проведение специальных курсов по обучению паломников обрядам хаджа.

11. Паломники в обязательном порядке проходят медицинский осмотр и вакцинацию в соответствии с требованиями Министерства по делам хаджа КСА и Кыргызской Республики.

Паломники обязаны зарегистрироваться в цифровой системе регистрации паломников.

Паломники должны иметь при себе справки о прививках международного образца, выданные учреждениями Министерства здравоохранения Кыргызской Республики.

Перечень прививок, ежегодно определяемый компетентными органами КСА и Кыргызской Республики, доводится до сведения организаторов паломничества, Национальным агентством.

12. Министерство здравоохранения Кыргызской Республики организует работу по медицинскому осмотру и вакцинации лиц, совершающих паломничество.

## Обеспечение паломников въездными хадж-визами Королевства Саудовская Аравия

13. Организационная работа по обеспечению паломников въездными хадж-визами в КСА осуществляется ДУМК при содействии Министерства иностранных дел Кыргызской Республики.

Работы по обеспечению паломников Умры (малый хадж) соответствующими визами в КСА осуществляется юридическими лицами, прошедшими аккредитацию ДУМК.

## Транспортное обслуживание паломников

14. Авиакомпании, задействованные в организации паломничества, определяются путем проведения конкурса среди местных и иностранных авиаперевозчиков согласно законодательству Кыргызской Республики и КСА.

Перевозка паломников в КСА осуществляется:

- авиаперевозчиками, имеющими от авиационных властей КСА все необходимые разрешения или одобрение для осуществления полетов в КСА (далее - авиаперевозчик), с использованием воздушных судов, отвечающих правилам КСА и соответствующие требованиям международных норм, позволяющих беспрепятственно пользоваться воздушным пространством государств;

- на основе соответствующего договора на перевозку, заключенного между авиаперевозчиком, Национальным агентством и ДУМК от имени паломников, принимают на себя ответственность за организацию доставки паломников в КСА.

15. Маршрут и график полетов воздушных судов в КСА (хадж) определяется авиаперевозчиком по согласованию с авиационными властями и соответствующими полномочными органами или службами КСА и Кыргызской Республики, и оговаривается в договоре на перевозку, заключаемом между авиаперевозчиком.

**Правила организации и осуществления паломничества в Королевство Саудовской Аравии**

16. Организаторы паломничества и паломники из Кыргызской Республики обязаны соблюдать все требования, предъявляемые компетентными органами КСА и Кыргызской Республики.

17. В целях оказания содействия в совершении паломничества создается передвижной штаб Кыргызской Республики в КСА.

Организация деятельности передвижного штаба осуществляется Национальным агентством и ДУМК. В случае необходимости, оказывается содействие Министерством иностранных дел Кыргызской Республики и другими государственными органами.

Посольство Кыргызской Республики в КСА оказывает содействие передвижному штабу в организации паломничества в КСА, а также правовую защиту интересов паломников из Кыргызской Республики.

18. Передвижной штаб Кыргызской Республики в КСА действует в тесном сотрудничестве с Министерством по делам хаджа КСА в пределах правил, относящихся к деятельности официальных миссий, представляющих интересы паломников, утвержденных компетентными органами Королевства Саудовской Аравии.

19. Руководители групп паломников (ажы башчы) должны поддерживать контакты с хадж-миссией Кыргызской Республики в КСА в местах жительства паломников и придерживаться согласованных графиков передвижения и выезда за пределы КСА.

**Подведение итогов паломничества**

20. Итоги организации и проведения паломничества подводятся Духовным управлением мусульман Кыргызстана на основании сведений Межведомственной комиссии, а также отчетных материалов передвижного штаба Кыргызской Республики в КСА.

Передвижной штаб Кыргызской Республики в КСА, не позднее десяти дней со дня прибытия последней группы паломников в республику, обязана представить в Национальное агентство отчеты о количестве групп, их численном составе, о ходе подготовки и проведения паломничества (недостатках, недоработках, имевших место во время паломничества), а также предложения по совершенствованию организации паломничества.

21. Итоги организации и осуществления паломничества гражданами Кыргызской Республики представляются на рассмотрение Администрации Президента Кыргызской Республики в месячный срок по окончании периода паломничества.

Отчет по организации и осуществления паломничества (умры) ежеквартально предоставляется в Национальное агентство.

22. ДУМК на основании настоящего Порядка вправе разработать Инструкцию по осуществлению паломничества в Королевство Саудовская Аравия (хадж, умра) для граждан Кыргызской Республики.

23. ДУМК обязано на своем официальном сайте публиковать финансово-бухгалтерскую, налоговую и статистическую отчетность в соответствии с законодательством о бухгалтерском учете, налогах и официальной статистики.